***DOI:10.26104/NNTIK.2023.86.44.054***

***Алымбаев А.М., Салморбекова Р.Б., Нусубалиева Г.Б.***

# УГУЗ ХАН ТЕҢИР ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН РЕФОРМАТОРУ

***Алымбаев А.М., Салморбекова Р.Б., Нусубалиева Г.Б.***

# УГУЗ-ХАН РЕФОРМАТОР ТЕНИРИАНСТВА

***A. Alymbaev, R. Salmorbekova, G. Nusubalieva***

# UGUZ-KHAN IS REFORMER OF THE TENIR WORLDVIEW

*УДК: 130.2(575.2) (04)*

*Ар бир диндин өзүнүн негиз салуучулары бар. Алар семит элдеринде «пайгамбарлар», индус арийлеринде – «ришилер», иран арийлеринде «кайылар» («кави») деп аталышат. Мисалы: Заратуштра – зороастризм, Будда – буддизм, Муса – иудаизм, Иисус Христос – христианизм, Мухаммед – ислам, Баха-Ула – бахаизм диндеринин негиз салуучулары. Тенирfalse змди да дин деп таанып жүргөндөр бар. Аларга ислам дининин өкүлдөрү: «Эгер Тенирчилик дин болсо, анда анын пайгамбары ким, ыйык китеби кана» дешет. Чын эле Теңиризмде андай нерселер тууралуу эч нерсе айтылбайт. Анын пайгамбары да болгон эмес, ыйык китеби да жок. Демек, Теңиризм – дин эмес. Бирок, бул дүйнөтааным кандайча негизделген, ким негиздеген, качан негизделген деген суроо туулбай койбойт? Бул макала ушул суроого жооп издейт.*

***Негизги сөздөр**: Теңир, Угуз хан, Карахан, Нурпери, Суупери, Күн, Ай, Жылдыз, Көк, Таг, Денгиз, кыдыр, огуз, бука.*

*У каждой религии есть свои основатели. У семитских народов их называют «пророками», у индуистских арий – «Риши», у иранских арий – «кайы» («кави»). Например, Заратуштра – основатели религий зороастризма, Будда – буддизма, Моисей – иудаизма, Иисус Христос – христианства, Мухаммед – ислама, Баха-Ула – бахаизма. Есть люди, которые признают Тениризм как религию. Представители ислама обращаются к ним: «Если Тениризм является религией, то кто его пророк, какая священная книга?». Действительно, Тениризм ничего не говорит о таких вещах. У него не было ни пророка, ни священной книги. Следовательно, Тениризм не является религией. Однако вопрос о том, как было основано это мировоззрение, кем оно было основано и когда оно было основано? В этой статье исследуется этот вопрос.*

***Ключевые слова:** Тенир, Угуз-хан, Карахан, Нурпери, Суупери, Солнце, Луна, Звезда, Синий, Таг, Денгиз, Кыдыр, Огуз, Бык.*

*Every religion has its founders. They are called «prophets» in the Semitic peoples, «rishis» in the Hindu Aryans, and «kays» («kavi») in the Iranian Aryans. For example: Zarathustra – Zoroastrianism, Buddha – Buddhism, Moses – Judaism, Jesus Christ – Christianity, Muhammad – Islam, Baha-Ula – Bahaism are the founders of religions. There are people who recognize Tenirism as a religion. Representatives of Islam address them: «If Tenirism is a religion, then who is its prophet, what is the holy book?». Indeed, Tenirism says nothing about such things. He had no prophet, no holy book. Therefore, Tenirism is not a religion. However, the question is, how was this worldview founded, by whom was it founded, and when was it founded? This article explores this issue.*

***Key words:** Tenir, Uguz Khan, Karakhan, Nurperi, Suuperi, Sun, Moon, Star, Blue, Tag, Dengiz, Kydir, Oguz, Bull.*

Угуз хандын «кыдыр» (ор: «главный жрец») катары, Теңир дүйнө таанымына негиз салган адам экени тууралуу али илимде кеп кылына элек. Исламды кабыл алганга чейин көчмөн элдердин дини болгон эмес дешет молдолор. Ал эми тенирчилик болсо, уруу деңгээлинде калган дүйнөтааным ал эч кандай дин эмес дешет. Кээ бири чын эле түшүнбөй сүйлөшөт, кээ бири атайын Тенир дүйнөтаанымын басынтуу үчүн ушинтип айтышат. А, чынында эле ал эмне, динби же уруу деңгээлиндеги ишенимби, же дүйнөтаанымбы? Бул суроолорго кийинки учурда жаш окумуштуулар так, кенен жооп берүүгө аракет жасап, ар тараптуу изилдөөлөрдү жүргүзүп жатышат. Ошол суроолордун ичинде: “аны ким негиздеген” деген дагы бир оор суроо бар. Бул макалада биз ушул суроого “Огуз наме” эпосунан издеп тапкан жоопту окурмандарга сунуш кылып жатабыз. Анда сөз башынан болсун.

Эпостун көлөмү боюнча чакан болгону менен көтөргөн жүгү абдан оор. Ал тууралуу изилдөөчүлөр да айтып келатышат. Эпостун XIII кылымга жана XVI кылымдарга таандык эки варианты бар. Биз анын түпкү варианты боюнча кеп кылабыз. Эпикалык чыгармаларда башкы каармандар өзгөчө кырдаалдарда жарык дүйнөгө келишет да, анан тез эле торолуп, басып кетишет. Анан бат эле эр жетип, үйлөнүшөт. «Огуз наме» эпосунун башкы каарманы болгон Угуз хан да тез эле эр жетип үйлөнөт. Түпкү вариантта ал Күн ээсинин кызы – Нурпериге жана Көлдүн ээсинин кызы – Суупериге үйлөнөт. Эки аялынан үчтөн алты бала көрөт. Эпосто Угуздун Нурпериге жолукканы минтип сүрөттөлөт:

Жана бир күн бир жерде  
Көк Теңирге сыйынууда эле.  
Күүгүм уюду.  
Көк Теңирден көгүлжүм нур куюлду.  
Күндөн жарык, Айдан наарлуу.  
Өгүз каган жүрүп берди. Көрдү анан  
Ал жарыктын арасынан бир кызды.  
Жандан жалгыз, көркү арбаган  
Нурдай сулуу жан эле.  
Маңдайында шоолаланган жарык меңи бар эле.  
Алтын казык дегидей!  
Көз талыткан көркү ушунча-  
Күлсө Көк Теңири кошо күлөөр,  
Ыйласа Көк Теңирде түн түнөрөөр!» [3, 360-б.].

Угуз хан бир көрүп, ашык болду да, ал кызга үй-

лөндү. Күн өтүп, жылдар өтүп, ошол Нурпери аялынан үч уулдуу болду. Уулдарына: Күн, Ай жана Жылдыз [3, 360-б.] деген ысымдарды берди. Эпостон биз, Угуз хандын уулдары ушинтип, Асманга байланышкан ысымдарды алып жүргөнүнө күбө болобуз. Бул – ак сөөк катмарга тиешелүү нукура Теңир дүйнөтаанымынын салты. Анткени, Теңир дүйнө таанымы боюнча, адам "кудайдын кулу" эмес, "кудайдын балдары" делет. Теңир дүйнө таанымы - эркин жашаган көчмөн жана жоокер элдердин ишеними болгон. Анда кайрадан текстке кайрылалы:

Жана бир күн Өгүз каган ууга чыкты.
Көөлгүп көл жатат дейт. Көлдүн уюлунан
Көрүнөт бир дарак дейт. Ал дарак көңдөйүнөн
Бөлүнөт бир сулуу дейт.
Көздөрү көктөй тунук мелтиреген,
Чачтары дарыядай шаркыраган,
Тиштери тизген бермет!
Чырайын бир көргөн жан чыдай албай
Кымыздай шар ачыган,
Кыжылдап дил кусасы боюна тээп,
"Жанымды ал!" деп жалбаргыдай.
Өгүз каган өрт түшүп өзөгүнө
Өзөлөнүп сүйүп калды… [3, 360-361-бб.].

Угуз хан бул сулууну да алды. Күндөр өттү, жылдар өттү, Көл кызынан үч балалуу болду. Улуусуна – «Көк», ортончусуна – «Таг», кичүүсүнө – «Деңиз» [3, 360-361-бб.] деген ысымдарды берди. Бул нукура көчмөн элдин салты. Өзүн «Теңир балдары» деп эсептеген байыркы бабалар балдарына ушинтип, жер-сууга байланышкан ысымдарды ыйгарышкан.

Абулгазынын санжырасында Угуз хандын «алты уулу» кандай аялдардан төрөлгөнү айтылбайт. Тек минтип гана баяндалат: «Угуз хандын алты уулу бар эле. Улугунун аты - Күн хан, экинчиси - Ай хан, үчүнчүсү - Жылдыз хан, төртүнчүсү - Көк хан, бешинчиси - Таг хан, алтынчысы – Деңиз хан» [3, 17-б.]. Анан, андан нары, санжырада алты уулдун ар биринин «төрттөн» уулу болгону баяндалат. Ошентип Угуз кагандын «24 небереси» болгонун билебиз. Эпосто «неберелер» тууралуу маалымат жок. Демек, бул фактылар да санжырага кийин кошулган.

Угуз хандын үйлөнгөн аялдарынын биринчиси Күн ээсинин кызы - Нурпери, экинчиси Көл ээсинин кызы Суупери эле. Башкача атйканда, Угуздун бир аялында «оттун», экинчи аялында «суунун» касиети бар болчу. Ошентип, Нурпери: Күн хан, Ай хан жана Жылдыз хан деген үч уул төрөдү. Суупериден: Көгөй, Тагай жана Көлөй деген үч уул жарык дүйнөгө келди. Угуз хандын алты уулунан 24 небере болду.

Бул символ. Адегенде Угуз ханга үч уруу эл, анан дагы үч уруу эл кошулуп, алты уруу эл болгонун, анан алар өсүп, көбөйүп отуруп, «24» уруу элге айланганын көрөбүз. Орто кылымда жашаган Махмуд Кашкардын маалыматы боюнча да, Огуз эли 24 уруудан турган.

Эми Угуз кагандын Тенир дүйнөтаанымына байланышкан "реформаларына" көңүл буралы. Бир күнү Угуз хан улуу той жасап, анан тойдун аягында бектерин жыйнап алып, мындай жарлык айтты:

Теңир буйруп болдум каганың,
будан ары:
**Жаа, калкан** болсун куралың!
Тамга болсун **буйаның**!
**Көк бөрү** болсун урааның! [3, 361-б.].

Котормочу Ч. Өмүралиев «буйан» деген сөздү «булан» деп которгон. Биз түп нускада айтылгандай бердик. Анткени, А.М. Щербак аны: «Тамгою пусть будет нам благодать» деп которуптур. Бул да түшүнүксүз? Ал эми «булан» – «багыш» деген сөз. Менимче, «буйан» – «булан» эмес, «бөйөн» болушу мүмкүн? Анткени, осмон түрктөрү тарткан Хун империясынын байрагында «бөйөн» (орус: скорпион, өтмө мааниде – дракон болсо керек эле) тартылып турат.

Эпостун жогоруда айтылган ыр саптарында, Угуз хан өз элин отурукташкан элден – көчмөн элге, тынч жашаган карапайым элден «жоокер элге» айлантып жатканы көрүнүп турат. Сыягы, бир кезде жай жашап, тирилик кылып жаткан эл «көчмөн» турмушка өтүп, андан нары жоокер элге айланып, башка элдерди басып алуу саясатын ишке ашыруу үчүн даярдыктарды көрүп жаткан мезгилди чагылдырып тургансыйт?

Мына ушул окуядан көп өтпөй, Угуз хан Урумга уруш салды. Ошол Урумга бараткан жолдо, бир жерге Угуз каган колун кондурду. Чарчаган кошуун түн менен түн болуп уюп жатты:

Таң буурул хан чатырга күндөй бир жарык акты,
Ал жарыктан бир силкинип көк жал бөрү чыкты [3, 363-б.].

Анан ал бөрү адамча сүйлөп, мындан кийин жортуулда Угуз хандын «жолун ачып» колдоп жүрөрүн айтты. Ошондой болду, ар жортуулга чыкканда, көк жал бөрү алдынан тосуп чыгат, колду ээрчитип, жол баштап жөнөйт. Бирок, ал «көк жал бөрүнү» Угуз кагандан башка эч ким көрбөйт. Мунун өзү Угуз каган "көзү ачык" (кыдыр), колдоочусу «көк бөрү» болгон кол башчы адам болгонун көрсөтөт. Биз « пайгамбар» десе эле, ислам дини аркылуу келген түшүнүк менен, эл аралап акылдуу сөздөрдү сүйлөп, осуят калтырып кеткен адамдарды түшүнөбүз. А биздин ата-бабалар көчмөн элдер болушкан, а көчмөн элдин 16 жаштан 60 жашка чейинки эркеги жоокер болгон. Демек, алардын «пайгамбарлары» да жоокер адамдар болушкан. Алар семит элдеринин пайгамбарларынан айырмаланып, акыл айтып, осуят калтырбастан, өздөрүнүн өрнөк иштери менен үлгү көрсөтүшкөн. Ошентип:

- Көк Теңири колдоп,
- Көк жал бөрүсү жолдоп,

- Чынды алды, Таңгутту алды,
- Андан ооп, Шамга аттанды [3, 368-б.].

Кыскасы, төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган элдерди басып, аттын буту жеткен жерге чейинки "баштуунун башын ийди, тизелүүнүн тизесин бүктү».

**Акылман Түрк карыя.** Бөрү – «жоокердик» тотем, тагырак айтканда, Угуз ханды урушта колдогон «согуш кудайы» экенин ачык баамдого болот. Анткени, ал дайым жортуулга баратканда, алдынан чыгып, кол баштайт. Ал эми жай убакта, Ордодо Угуз каганга кеңеш берген башка бир адам бар. Анын ысымы "Түрк" делет. Эпосто ал жөнүндө минтип айтылат:

- Кагандын кеңешчиси бар еди ысмы улуу Түрк.
- Жайкалган ак сакалы, буурул кары,
- Кылымды билген кыраа эле,
- Сүйлөгөн кеби мураа эле [3, 368-б.].

Мына ушул жерде биз айтып кете турган дагы бир нерсе бар. "Түрк" сөзүнүн мааниси жөнүндө көп окумуштуулар ар кандай ойлорду айтышкан. Алардын басымдуу көпчүлүгү, бул сөз («түрк») «күчтүү», «бекем» [1, 127-б.] дегенди түшүндүрөрүн айтып жана жазып жүрүшөт. Биз бул сөздүн жогорку айтылган маанисин жокко чыгарбайбыз. Бирок, анын кыргыз тилинде сакталган дагы бир мааниси бар экенин, ал анын түпкү мааниси экенин өзүбүздүн «Түрк этнониминин этимологиясы» [11, 192-б.] деген макалабызда айтканбыз. Ошондогу айтылганды дагы бир жолу кайталайбыз: Бул сөз кыргыз тилинде «**бөлтүрүк»** айтылышында сакталып, «бала бөрү» («бала+ түрүк») же «бөрү баласы» («бөрү+түрүк») дегенди түшүндүрүп турат. Демек «түрк» – «бөрү» же «бөрү баласы» деген сөз. А чынында, улуу Түрк империясын «бөрүнүн балдары» (ашина) түзүшкөнүн баарыбыз жакшы билебиз. Мунун өзү көчмөн элдердин тарыхы алардын тилинде сакталарын көрсөтүп турат.

Кепти андан ары улайлы: жогорку Угуз бабабыздын улуу кеңешчиси – Түрктүн ысмы, мага андан мурунку, каганды жортуулдарда «жол ачып», кол баштап жүргөн «көк жал бөрүнүн» адамга айланган образын эсибизге салат. Атына караганда, ал ошол эле "көк жал бөрүнүн" эле өзү. Мына ушул жерде «Манас» эпосундагы Бакай атабыздын образы эсибизге түшөт. Эпосто ал жөнүндө минтип айтылат:

- Ак сакалы жайкалган
- Ак жоргодо чайпалган.
- Астыда жүрсө ак жолтой,
- Артта жүрсө сан колдой [6.].

Бакай атабыз менен Түрк абабыздын образы окшош экенин эч ким шек кылбайт. Бирок, ошол эле замат: Андай болсо, «Угуз хан – Манас эмеспи?» деген суроо келип чыгат. Биздин изилдөөлөрүбүз боюнча «бир нече Манас» өткөн, анын «биринчиси» ушул Угуз хан бабабыз болушу мүмкүн (?). Бирок, «Манас" эпосу боюнча, Угуз хан Манастын түпкү аталарынын бири [6] болуп саналат.

Кайрадан Угуз каган тууралуу дастанга кайрылабыз. Мына ушул улуу кеңешчи, акылман Түрк бир күнү түш көрдү:

- Күн тууштан күн жүрүшкө
- Керилет алтын жаа дейт.
- Түн жагын түптүз мелжеп,
- Тебилет күмүш ок дейт» [3, 368-б.].

Акылман Түрк келди да, таазим кылып, түшүн каганына айтты. Жоруштү. Угуз каган улуу аялынан төрөлгөн үч уулу – Күн, Ай жана Жылдызды чакырып, Күн чыгышка аттандырды, кичүү аялынан төрөлгөн үч уулу – Көк, Таг жана Деңизди чакырып, Күн батышка жиберди [3, 369-б.]. Күн чыгышка барган балдары бир «алтын жаа», Күн батышка кеткен балдары «үч күмүш жебе» таап келишти.

Угуз каган алтын жааны үчкө бөлүп, Күн, Ай, Жылдызга, үч күмүш жебени бирден Көк, Таг жана Деңизге берди. Анан, үч улуу уулдарына карап: силер – Жаанын, анан үч кичүү уулдарына кайрылып: силер Жебенин кызматын кылгыла деди. Бул укум-тукумга улана кетчү «укук» тактоо, салт, наркты калыптандыруу, аны менен бирге «кызмат бөлүштүрүү» «реформасы» эле. Абулгазынын санжырасында: Улуу аялдын балдарына – «Бозок», кичүү аялдын балдарына «Үчок» деген жалпы ат берүү менен аяктап, Угуз каган анан дагы: «Дүйнө акыр болгончо, Бозоктун бир жакшысы падыша болсун», оң тарапта отурушсун, «Үчоктор сол болсун, үйдүн сол тарабында олтурушсун жана дүйнө акыр болгончо, нөөкөрлүккө ыраазы болушсун» [3, 15-б.] - деди.

Ал-ал болду, бир топ убакыт өтүп, бир күнү Угуз хан улуу курултай чакырып, той кылды. Абулгазынын санжырасы боюнча, ортодо Алтын Өргө тургузулуп, «Оңго алты Ак Өргө жана Сол тарапка алты Ак Өргө тиктирди. Жана да оң жакка башына алтын жамбы байланган кырк кулач жыгачты орнотту, анан сол жакка башына күмүш жамбы байланган кырк кулач жыгач орнотту» [3, 17-б.]. Анан, Хан жарлыгы боюнча, Бозок уулдары нөөкөрлөрү менен алтын жамбыны, Үчок уулдары нөөкөрлөрү менен күмүш жамбыны атышты. Жамбыларды аткан кишилерге көп сыйлыктар берилди. Бул окуя эпосто минтип баяндалат:

- Оң жагына кырк кулач шырык сайды,
- Кылда учуна тагылып алтын жамбы,
- Аягына ак таңдай ак кой байланды.
- Сол жагына кырк кулач шырык сайды,
- Кылда учуна тагылып күмүш жамбы,
- Түбүнө түндөй кара кой байланды» [3, 374-б.].

Ошентип:

- Оң жагына бозоктор олтурушту.
- Сол жагына үчоктор олтурушту
- Каркыттап, кырк күнү той курушту [3, 370-б.].

Эпосто айтылгандай: Угуз хан оң жагына ак туу сайып, түбүнө ак кой байлады, сол жагына кара туу сайып, түбүнө кара кой байлады. Нурпери аялынан

төрөлгөн балдары - Бозокторду Угуз каган Оң жагына отургузду. Суупери аялынан төрөлгөн балдары – Үчоктор атасынын Сол тарабынан орун алышты.

Бозоктор улуу болгондуктан «улуу бийлер» ушулардан болсун» - деди каган. Үчоктор кичүү болгондуктан, «кол башчылар» алардан чыгып, кичүүлөрү улууларына баш ийип жашашсын деди. Андан кийин балдарына жана неберелерине өздөрүнүн тамгаларын жана орундарын энчилеп берди. Угуз кагандын Теңир дүйнө таанымы боюнча жүргүзгөн “реформалары” мына ушулар. Угуз ханга чейин жана андан кийин да, эч бир каган мындай иштерди жасаган жок. Угуз хан Теңир дүйнөтаанымынын эң башкы “Оң-Сол” принцибин тактаган адам. Мындан кийин жүрүм-турум, каада-салт, ырым-жырымдарды ушул принцип менен жүргүзүүнү насаат кылып айтты. Ал эми бул принциптердин ислам динине эч кандай тиешеси жок.

Эпостун XIII-XIV кылымдарга таандык уйгур вариантында, Угуз каган «энесинин боюна нурдан бүтүп» төрөлгөнү [4, 240-б.] айтылат. Мына ушул маалыматтын өзү да, ал жөн жаралган жан эмес экенин, анын тагдырына адамзат тарыхындагы эң байыркы «дуалисттик» көз караштагы бир улуу «дүйнөтаанымды» негиздөө миссиясы жазылганын, ал өзү айткандай «кыдыр» (пайгамбар) адам экенин кабарлап турат. Аялдын боюна нурдан бүтүп төрөлүү да ислам салты эмес. Ал - Кудайдын бир улуу касиети катары Отко жана Күнгө сыйынган байыркы өзүбүздүн көчмөн бабалардын ишеними.

Угуз бабабыз качан жашап өткөнү тууралуу баш жагында кеп кылганбыз. Санжырачылардын айткандарына таянып, болжол менен б.з.ч. 2-миңинчи жылдардын тегереги деп токтогонбуз. Башкача айтканда, ага-ини Кабир менен Фазыл Туйкалардын жазгандарына негиздеп, Угуз хан мындан «3400 жыл» [3] мурун жашаган деп маалымдаганбыз. Ошондо ал б.з. 34 к. мурун өмүр сүргөн адам болуп чыгат. Бул доор тарыхта, Туран аймагынан кеткен арийлердин бир толкуну Индияны басып алган мезгилге (б.з.ч. XIII-XV кк.) туура келет. Эгер, казак элинин көрүнүктүү акыны жана тарых иликтөөчүсү Олжас Сулейменовдун айтканына ишенсек, анда дал ошол замандарда (б.з.ч. 2 миңинчи жылдар – О.С.) Теңир дүйнө таанымы алгач диний-философиялык окуу катары пайда болгон. Ошондуктан аны изилдеген окумуштуулардын Тенирчиликти “деисттик” окуу катары таануусу айтып жатышканы туура.

Угуз бабабыздын жердеген жери каер? Киндик кан тамган, төрөлүп-өскөн ата журту кайсы аймак? Ушундай суроо сөзсүз болот, ошондуктан ага жооп берүү керек. Абулгазынын санжырасы боюнча, Түрккө «Йафес уулу» деп ылакап ат коюшту. Ал адептүү жана акылдуу киши эле. Атасынан соң жерлерди жүрүп көрдү да, бир жерди куштап анда турду. Бу күндө ал жерди Ысык-Көл дээр. Кереге үйдү ошол чыгарды… Атасынан соң бүтүн элге падыша болду. Ар тоосу жана Кер тоосу бу заманда Улуг тоо жана Кичик тоо делет, аны жайлар эле. Кыш болгондо Кара-Кум жана Сыр-Суунун жакасын кыштаар эле» [3].

Бул маалымат боюнча, Угуз бабабыздын ысмы «Түрккө» айланып, ал Ысык-Көлдү жактырып, журт кылып турганы айтылууда. Бирок, ага эмне үчүн «түрк» ысмы берилгени белгисиз? Балким, Угуз бабабыздын колдоочусу «көк жал бөрү» болгондон улам ушул атка консо керек? Анткени, биздин изилдөөбүз боюнча, «түрк» «бөрүнү» билдирерин жогоруда кеп кылганбыз.

Тоголок Молдонун санжырасы боюнча, «Бүт түрк балдары Түрктөн таралып, Алтайдан, аягы Түркстанга чейин туруп, өнүп-өскөн. Бул жерлер түрк жердеп турган себептен Түркстан деген атак коюлган. Раматлик Түрк атабыздын алтын жасаты атагы дайын, айтылуу Кер-Көлдө калган. Бул кезде Кер-Көл атагы калып, Ысык-Көл аталат» [10, 5-б.]. Тоголок Молдонун санжырасы боюнча, Угуз хан Түрктүн «сегизинчи» муундагы урпагы.

Чоюн Өмүралиев жазгандай, «эми оозеки тарыхтын башына келсек, эски түрктөр эң эртеги замандарда Ар Тоо жана Кер Тоо деп аталган жерлерди жайлашканын көрөбүз» [3, 389-б.].

Рашид ад-Дин: «Олжайту хан дархан талаалык эле; жайлоосу Ор жана Кер аталган өтө бийик тоолордо эле» [13, 13-б.] - деп жазат. Ошентип ар кандай «ылакап ысымдар» менен айтылган Угуз кагандын жердеген жери Ысык-Көл өрөөнү болгон экен. Улуу бабабыз дал ушул Ыйык Өрөөндө Теңир дүйнө таанымына негиз салган. Ысык-Көл – «Ыйык Көл» атагын алып жүргөнү да ошондон. Дал ушул жерде Теңир дүйнө таанымына кут куюлганы үчүн Ыйык Көлдү айланта куурчап турган тоолор «Теңир-Тоо» ысымына ээ болгон. Байыркы ата-бабаларыбыз сыйынган анын улуу чокусу ушул убакта да «Хан Теңир» атын алып турат. Ал эми ислам дининин кабыл алынышына байланыштуу Теңир-Тоо аты кийин «Алланын» ысмы менен алмашып калды. Башкача айтканда, биздин Улуу Тоонун кыргызча аталышы – «Теңир Тоо», кытайча аталышы – «Тянь-Шань», ал эми арабча аталышы – «Алла Тоо». Үчөөнүн (Тенир-Тоо, Алла-Тоо жана Тянь-Шань) тең маанилери: «кудай тоо», «асман тоо», «ыйык тоо», «улуу тоо» дегенди билдирет [12, 70-б.].

Эң кызыгы, орус тарыхчысы Чайковскийдин эмгегинде дал ушул Ысык-Көл өрөөнү арий элдеринин «түпкү ата журту» катары [14] кеп кылынат. Ошого негиздеп, мен арийлердин өз аты «огуздар» деп аталган эл болсо керек деп болжолдогом? Анда, Угуз бабабыз бул жерге качан келген?

Баланын өң-ырайы көк чаар еди,
Ээрини алоо, көзү өрттөй,
Чачы, кашы кара деди [3, 358-б.].

Бул Угуз кагандын эпостогу сүрөттөлүшү. Мен баш жакта Теңирдин этимологиясы «**Тонга+Эр**» деген эки сөздөн пайда болушу да мүмкүн деген ойду айткан элем. Эгер, М.: Кашкардын сөздүгү боюнча которсок, анда: «Тонга+эр» – «кабылан адам» дегенди түшүндүрөт. Бул менимче, Теңирдин «тотем ысмы» болушу мүмкүн? Сыягы, байыркы Турандын улуу каганы «Алп Эр Тонганын» ысмында Теңирдин атына байланышкан бир сыр бардай?

Мисалы, «Ас + Ман» = «Ман + Ас» деп өзгөрүлгөндөй эле, «Тонга+Эр» = «Эр + Тонга» деп оодарылып айтылгандай туюлат? Ошондон улам: «Асман» - Көктүн «адам аты», «Тонгэр» - Көктүн «тотем аты» болушу мүмкүн? Демек, Тонгэр – «кабылан эр» дегенди түшүндүрөт. Мына ушул жерден Манас атабыздын эпитеттери эске түшөт: «арстан Манас», «жолборс Манас», «кабылан Манас» , «көкжал Манас» ж.б.

Менин жеке болжолумда, Иран мифтериндеги Афрасиябдын ысмы байыркы көчмөн элдердин тилдеринде: «Алп Айбарс» же «Алп Кара Барс» деп айтылганы шексиз? Бул жерде: Алп – «зор», «күч-кубаттуу», ай – «кара», барс (тотем). Ал эми мааниси боюнча, «кара барс» дегенибиз ал кабыландын өзү.

Кээ бир илимпоздордун айтуусуна караганда Афрасиябдын ысмы Иран тилинде «каардуу» дегенди түшүндүрөт. Бул кайра эле кара барстын, же кабыландын каймана аты экенинде шек жок. Анткени, дүйнө элдеринин көбүнүн мифтеринде «барс» – «согуш кудайы». Барс ошондой эле байыркы жана орто кылымдардагы Орхон-Энесай аймагында улуу дөөлөт түзгөн кыргыз кагандардын башкы тотеми болгон.

«Иттин ээси, бөрүнүн теңири бар» деген кыргыз сөзүн ар ким ар кандай чечмелейт. А чынында, бул: «Итти - ээси сактайт, бөрүнү - Теңир сактайт» деген эле сөз. Бирок бул жерде «теңир» деген сөз «кудай» маанисинде эмес, - бөрүнүн «пири» же «төрөсү» болгон кабылан («тонга») тууралуу айтылып жатканын баамдоо керек. Мына ушул жерден, улуу бабабыз Угуз хандын алдына түшүп, жортуулда жол баштап бараткан көкжал Бөрү көз алдыбызга тартылат. Ал бөрү жөн бөрү эмес эле, «көк нурга» айланып Асмандан түшкөн «колдоочу» болчу [15]. Ошол көкжал жол баштап, колун колдоп жүргөнү үчүн Угуз хан дүйнөнү бүт каратпадыбы!

Улуу жортуулдарга чыгар алдында, Угуз хан эл башчы, кол башчыларын жыйнап алып, минтип айтат:

Жаа, калкан болсун куралың!

Тамга болсун буланың!

Көк бөрү болсун урааның!» [3, 361-б.].

Көк бөрү Асмандан нурга айланып түшөт. Дастанда Ч. Өмүралиевдин котормосунда минтип айтылат:

Кош түшүрдү. Түн менен түн болуп уюп жатты.

Таң буурулу кан чатырга күндөй бир жарык акты.

Ал жарыктан бир силкинип көк жал

Бөрү чыкты» [3, 363-б.].

Мына ушул адамча сүйлөгөн «көк жал бөрү жолдоп», үстүнөн «Көк теңири колдоп», Угуз хан Чинди алды, Тангутту алды, андан кийин Шамга аттанды. Анан кулак угуп, көз көргөн жердеги элдин баарын каратты. Андан улам, Угуз каганды колдогон, көк жал “кабылан” - Теңирдин “тотем аты” болсо керек деп ойлойм?

Далилибиз тагырак болушу үчүн америкалык индеецтер кабыланды кандай тотем тутаары тууралуу маалыматка кыскача көңүл бура кетели. “Индеецтерде да кээ бир кудайлар айбан жаныбар, же куш кейпинде болушкан. Ошолордун ичинен олмек салты менен байланышкан “ягуар-кудайлар” функцияларынын өзгөчө татаалдыгы менен айырмаланган. Бул – аңчылыкка, жер түбүндөгү дүйнөгө, өлүмгө тиешеси бар жоокердик кут («культ») болчу» [4, 520-б.]. Андан башка: кара жана кызыл ягуарлар болуп, алардын биринчиси – «жамгырдын», экинчиси – «жарыктын» кудайлары катары саналган.

«Теңир» деген сөз «Дингир» формасында б.з.ч. 30 кылым мурун эле байыркы шумерлердин чопо китептериндеги жазууларга түшкөн. Ошол чопо жазуулардагы анын бир мааниси – «кудай», «асман» дегенди түшүндүрсө, башка бир мааниси «От ракеталардан чыккан аруулар» же «Асмандан учуп келгендер» [7, 33-б.] дегенди билдирген. Мунун өзү Теңир теониминин этимологиясы көп маанилүү жана өтө байыркы диний-философиялык термин экенин көрсөтүп турат.

Шумерлердин кимдер экени тууралуу ушул убакка чейин бир тараптуу пикир жок. Бирок, чопо китептердеги сакталган мифтерде, алар «түндүк-чыгыш тараптан барышкан тоолук элдер» экени айтылат. Кийинки изилдөөлөр, алар түрк элдеринин түпкү ата-бабалары болгонун далилдеген фактыларды көбүрөөк кеп кылууда. Айрыкча, бул көз карашты, ошол эле Совет бийлигинин убагында биринчи болуп ачык айтып чыккан жана салыштыруу усулу менен лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн ушул Олжас Сулейменов болгон. Бул ойлор жана далилдер анын өйдө жакта биз атын атаган чыгармасында [8, 567-б.] жарыяланган. Айткан ойлорунун тууралыгын жана анын праформалары тууралуу ал өзүнүн кийинки көп жылдык «Язык писма» [9, 317-321-бб.] деген китебинде да далилдеди. Мына ошондон улам, «Теңир» теонимин «Дингир» формасында Эки Дарыя (Месопатамияга) аралыгына дал ушул Туран аймагынан шумерлер алып кетишкен” деп биз ишенимдүү айта алабыз. «Евроборбордук көз караш Теңир дүйнөтаанымын шаманизмге жакын (а кээде Теңир дүйнө таанымын шаманизм менен бирдей караган мамиле кылышат) алгачкы жапайы (язычества) ишенимдин бир формасы катары карайт да, аны Асман деп чечмелешет» [2, 71-б.].

**Адабияттар:**

1. Айтмуратов Д. Тюркские этноними. – Каракалпакстан: Нукус, 1986.
2. Аюпов Н.Г. Тенгрианство как открытое мировоззрение. – Алматы, 2012. - 71-б.
3. Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт / Түзгөн К.Жусупов. - Бишкек: Кыргызстан, 1991. - 1-том. - 360-б.
4. Мифы народов мира. Энциклопедия. В 2 томах. - М.: Советская энциклопедия, 1987-1988. – Т.1. - С. 520.
5. Мифы народов мира. Энциклопедия. В 2 томах. - М.: Советская энциклопедия, 1987-1988. – Т.2. - С. 240.
6. Орозбаков С. Манас эпосу. - Бишкек, 2006.
7. Ситчин З. Божество 12-й планеты. - М., 2006-ж. - 33-б.
8. Сулейменов О. «АЗ и Я», Алма-Ата: Жалын, 1990. – С. 567.
9. Сулейменов О. «Язык письма», Алматы-Рим, 1998. – С. 317-21.
10. Тоголок Молдо. Тарых, түпкү аталар. / Кыргыздар. - 2-том. - Бишкек, Кыргызстан, 1993. - 5-б.
11. Турал Б. Огуздар. – Бишкек, 2008. - 192-б.
12. Турал Б. Улар учкан тоолор. – Бишкек: Бийиктик, 2002. - 70-б.
13. Рашид ад-Дин. Сборник летописей. - СПб., 1858. - С.13.
14. Чайковский А.П. Родина народов арийской расы, 1859.
15. Щербак А.М. Огуз-наме. Мухаббат-наме. -М., 1959.
16. tengrifund.ru/wp-content/library-tengrifund/Monografiya... ru.wikipedia.org› Огуз-Наме
17. Нусубалиева Г. «Начало сказки» в эпопее «Манас» - совокупность философских идей (по варианту Жусуп Мамая). / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 4. С. 144-149.